11.

БЕКИТЕМ
Кыргыз Республикасынын
Саламаттык сактоо министрлигинин
Дары-дармектер жана медициналык
техникалар менен камсыздандыруу
департаментинин башкы
директорунун биринчи орун басары
Дуйшеналиев И. К. ____________
«02» ноябрь 2017 - ж.

# ДАРЫ КАРАЖАТТЫ МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

## ПРОСПАН® ЖӨТӨЛГӨ КАРШЫ ТАМЧЫЛАР

**Соодадагы аталышы**
Проспан® жөтөлгө каршы тамчылар

**Эл аралык патенттелбеген аталышы** (ЭПА)
Жок

**Дарынын түрү**
Ичип кабыл алуу үчүн тамчылар.

**Курамы**
1 мл дары төмөнкүлөрдү камтыйт:
*Таасир берүүчү зат:*
Чырмооктун жалбырактарынын кургак экстракты (5-7,5:1) – 0,02 г
Экстрагент: этанол 30%
*Көмөкчү заттар:* тазаланган суу, натрий сахарини, этанол 96 %, анис майы, фенхел майы, жалбыз майы.

**Сүрөттөмөсү**
Спирт жана фенхел жыттанган коңур-күрөң түстөгү суюктук. Сактоо учурунда бир аз күңүрттөнүү жана тунма пайда болушу мүмкүн.

**Фармадарылык тобу**
Суук тийүүнүн жана жөтөлдүн симптомдорун четтетүү үчүн дарылар. Какырыкты чыгаруучу дарылар.
АТХ коду: R05CA.

**Фармакологиялык таасири**
Өсүмдүктөн жасалган жөтөлгө каршы дары. Какырыкты чыгаруучу, муколитикалык, спазмолитикалык таасир берет. Какырыктын илээшкектигин төмөндөтөт жана аны чыгарууга көмөк көрсөтөт.

**Колдонууга көрсөтмөлөр**Какырыгы начар бөлүнүп чыккан жөтөл менен коштолгон өпкө жана жогорку дем алуу жолдорунун сезгенүү ооруларын дарылоодо какырыкты чыгаруучу каражат катары колдонулат.

**Каршы көрсөтмөлөр**
Дарынын курамдык бөлүктөрүнө жогорку сезимталдуулук, респиратордук оорулардын симптомдорунун курчуп кетүү коркунучунан улам, 1 жашка чейинки балалык курак; алкоголизм жана этил спиртин кабыл алуу каршы көрсөтүлгөн башка абалдар.

**Этияттык менен**
Боор оорулары, баш сөөк мээ мертинүүсү, мээнин оорулары.

**Кош бойлуулук жана эмизүү мезгилинде колдонуу**
Дарыны кош бойлуу жана бала эмизип жаткан айымдарга колдонуунун коопсуздугу боюнча маалыматтар жетишсиз болгондуктан, белгиленген топтогу бейтаптар үчүн дарыны алдын ала дарыгер менен кеңешүүдөн кийин гана колдонуу сунушталат.

**Колдонуу жолу жана дозасы**
Ичип кабыл алынат.
10 жаштан жогорку курактагы балдарга жана чоңдорго күнүнө 3 жолу 24 тамчыдан (күнүнө 50,4 мг чырмооктун жалбырактарынын кургак экстракты), 4-10 жаштагы балдарга күнүнө 3 жолу 16 тамчыдан (күнүнө 33,6 мг чырмооктун жалбырактарынын кургак экстракты) жана 1-4 жаштагы балдарга күнүнө 3 жолу 12 тамчыдан (күнүнө 25,2 мг чырмооктун жалбырактарынын кургак экстракты).
Тамчыларды тамактануунун алдында кабыл алуу керек. Кичинекей балдарга тамчыларды аз өлчөмдөгү суу менен берүү сунушталат.
Дарылоо курсу оорунун оордугу менен аныкталат, эң кыска убакытка созулган дарылоо курсу 1 жуманы түзүшү керек.
Дарылык натыйжалуу таасирди бекемдөө үчүн оорунун симптомдору четтегенден кийин дарылоону дагы 2-3 күн улантуу керек.
Абалдын жакшыруусу байкалбаса дарыгерге кайрылуу керек.

**Кыйыр таасири**
Аллергиялык реакциялар пайда болушу мүмкүн.

**Ашыкча доза**

Күндүз кабыл алуу үчүн жазылган дозаны дозасынан ашыруу (3 жолкудан ашык) көңүл айнууну, кусууну жана ич өтүүнү козгошу мүмкүн. Мындай учурда бейтап дарыгерге кайрылуусу керек.

**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири**

Дарыны жөтөлгө каршы дары каражаттары менен коштоп колдонууга болбойт, себеби бул нерсе жумшарган какырыкты жөтөлүп чыгарууга кыйынчылык жаратат.

**Өзгөчө көрсөтмөлөр**

Дары 47 об. % этил спиртин камтыйт.

Кантты, консерванттарды жана боёкторду камтыбайт.

Сактоо учурунда суюктук бир аз күңүрттөнүп, тунма пайда болуп жана даамы бир аз өзгөрүшү мүмкүн, бул болсо дарылык натыйжага таасирин тийгизбейт.

**Чыгаруу формасы**

Тамчылаткыч-тыгын жана буралып жабыла турган капкакча менен жабдылган күңүрт түстөгү айнек флакондо 20 мл дан. Ар бир флакон колдонуу боюнча нускамасы менен кошо картон кутучасына салынат.

**Сактоо шарты**

25 °C дан жогору эмес аба табында сактоо керек.

Балдар жетпеген жерде сактоо керек!

**Жарактуулук мөөнөтү**

4 жыл. Флаконду ачкандан кийин жарактуулук мөөнөтү 6 ай.

Жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин колдонууга болбойт.

**Дарыканалардан берүү шарты**

Рецепти жок.

**Өндүрүүчү**

Энгельгард Арцнаймиттель ГмбХ&Ко КГ.,

Херцбергштрассе 3, 61138 Нидердорфельден,

Германия